инв. 299

Мадиев Турдубай

"Манас". Чоң казат.

# Папка
# для
# бумаг

Мадиев Турдубайдын "Манас" эпосунун
Чоң казат окуясынан жазылган кол
жазмасына п и к и р

Т.Мадиевдин жазганына караганда - экинчи дептерде 20-25-жылдарда эпостун окуясын Бердаалы деген байдын жылкычысынан шынарлап жүрүп угуп-үйрөнгөн кебетеленет. Кол жазмадагы текстке караганда эпостун окуясын бирөөдөн үйрөнгөнү таасын байкалбаганга тете. Кайра эпостун белгилүү варианттарынын китеп түрүндө чыккандарын вариациялап өздөштүргөн сыяктанат. Чоң казат окуясынын уруунтуу жерлери, сюжеттик жүрүштөрү, каармандардын аракеттери, айрым иштелип бүткөн даяр ыр саптары, порттреттик мүнөздөмөлөр мына ушул ойду айтууга мажбурлайт.

Чоң казат "Манас" эпосундагы баатырдык окуялардын чыйрала өнүккөн жогорку чеги. Бирок Мадиевдин кол жазмасында окуянын өнүгүшү кадимки ири манасчылардыкындай айтылбайт. Салгылашууга катышкан каармандар да чектелген мүнөздө. Кыргыздардын Манас, Алмамбет, Чубак, Бакай, Сыргак өңдүү баатырлары гана салгылашууга катышат. Кырк чоро, жалпы кол тийип-качып гана эскерилет. Көп кол катышкан катуу согуштан кабар берилбейт. Ошентип, согуштун жүрүшү схемалык мүнөздө сүреттөлөт. Барып-келип Мадиевде жамакчылык шык болуп, укканын, окуганын өзүнчө айтууга аракеттенгенин да жашырууга болбойт. Мадыканга арналган беттерден мына ошондой өзгөчөлөнтүп айтууга жасаган аракет ачык байкалат. Акырында кадимки манасчылар калбай калганын эске алганда-"Манас" эпосунун айрым окуяларын ар кыл жол менен өздөштүрүп, аны кайра кагазга жазып бериштин өзү изилдөө ишине өтө керектүү экендигин да көңүлдөн чыгарбоого тийишпиз. Ачык айтканда, "Манас" эпосу азыркы мезгилде эл арасында

кандайча жашап жаткандыгын үйрөнүү максатында Т.Мадиевдин "Чоң казат" окуясынын кол жазмасын Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Кол жазмалар жана жарыялоо бөлүмүнүн фондусуна алууга болот. Бардыгы эки общий дептерде. 5637 бир сабынан тура

М.Мамыров

17.6.1988.

## Чон Казатын башталышы!

Эсен кан чогулуп кеңеш курат.
Манасты чаап алабыз деп.
Кандай кайгыла Манаска-
Күчүңөрдө-Айлаңарда жейбейт деп,
Кеңеш берет.

Ага Эсен кан башбай кеңкурат,
Манасты чааб алууга карата,
Иш жүргүзө берет.
Атаңдын кару алтыкан,
Айлында жүрсө шипчужан,
Айтарын билбей таңкыган.
Жерге кирсин жетикан,
Жеринде жүрсө шынгыжан,
Жеңилерин билбей таңкыган. деген.
Эл соозунда бул сөз айтылып калган.
Кандар Абыдан кайа кийирип,
Манасты чааб алууга убадаларын-
бекемдешет.
Кандар мына мындай сөздөрдү-
Айтышып Манаска кунулук.
Кылышат.
Кырк төрөөсү кырк төрдөн.
Кылдырып кийген куйбасо.
Кылган иши бул болсо.
Буга кантип калабыз.
Буга кардука чыдабай,
Тирүү жеубай алабыз.

Сырдуу камчы катабыз.
Манастын тобосунан басабыз.
Энертти түшүп жаман чачабыз.
Кердука камчы конобуз
Камчы оодудан тонобуз.

Кадар Акбозбек сонашуп эле мыкты тайгылып. байа-дубасын бекайт, Манасты чаб-шып, билмекти оздору жургузмак-болот. Качандага акыл сөзүн айтып, Кайтуна бул сөздөрдү, дейт.
Манасты чаабашууга силердин күчүңөр жетпейт, Кайтуна. Бул иштер туура эмес дейт.

Ага-Алым кан болбойт. Аринкга-Казактардын кан Кокчо, жамкырга, кайту турушат.
Кадар Манасты чаабашууга бирайана тенчилдерин бекиншей.

## Манастан кабар алышик.

Манас кырк баатыры менен Кеңкоодо, жыргап куунап, жарышты.
Адырдан аркар алышып,
Арканга аркы ... кабылышып;
Үрүдан кулжа алышып;
Куунап жыргап жайнашып.
Чабышка айтмай дап салып.
Байга коюп бал шал салып;